**Эргешова Кундуз Абдылаковнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына оппоненттик**

**пикир**

XVIII кылымдын улуу ойчулу "Эмил же тарбиялоо" аттуу белгилүү философиялык - педагогикалык роман трактаттын автору Ж.Ж. Руссонун (1712 *албайбыз» -деген* сөздөрү 3 кылым мурун кандай актуалдуу болсо азыр да ошол тейинде кабыл алынаары эч кандай шек жаратпайт. Анткени, ар кандай педагогикалык системанын өзөгүндө бала затынын өнүгүү, өзгөрүүгө ийкемдүү мектептин, бүгүндөй коомдун таалим-тарбия ишинин таасири натыйжасы белгилүү өлчөмдө балдардын өзгөчөлүктөрүн таанып ага ылайык таасир көрсөтүү жолун табуудан көз карандылыгын тастыктаган абройлуу, ойлор жана изилдөөлөр арбын. Изилдөөлөрдө азыркы балдар өзүнүн 50 жыл мурдагы курбалдаштарынан кескин айрамалары да ачык белгиленген. Ошону менен бирдикте илимдеги бир тараптуу позитивистик парадигмалардын үстөмдүгүнөн улам балдарды курак жашына карап социализациялоо жана тарбиялоого байланыштуу этномаданий алкактагы билим жана тажрыйбаларды изилдөө, рационалдуу баалуулуктарын ачыктоо маселелери көз жаздымда калып илимий айлампага алуу алынбай келет. Бул өңүттөн алып караганда Эргешова Кундуз Абдылаковнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» аттуу диссертациясын илимдеги "ак тактардын" ордун толтуруу ниети менен аткарылган изилдөөлөрдүн бири катары кароого болот. Мындай изилдөөлөрдүн бүгүнкү күн үчүн зарылдыгы эч кандай шек жаратпайт. Анткени, адамда улуттук маданияттын баалуулуктары алагач балалык курагынын үй бүлөдө түптөлө баштайт. Үй бүлөдөгү балалыктын бардык баскычтары этностун өсүп калыптанышынын эң башкы аймагы деп эсептөөгө болот. Ошондуктан аталган каралып жаткан эмгек инсандын улуттук маданий идентүүлүгүнүн

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 60 «15» 02 2022
Окум. катчы:

өнүгүшүнүн көп кырдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн таануу түшүнүүгө жол ачкан актуалдуу изилдөө катары кароого татыктуу.

Диссертант тарыхый этнопедагогиканын методологиясы жана методдоруна таянуу менен изилдөөнүн актуалдуулугун, максатын, объектин, предметин, милдеттерин, илимий жаңылыгын, теориялык жана практикалык маанисин, ишенимдүүлүк даражасын теориялык жоболор жана эмпирикалык фактылардын негизинде ачык так мүнөздөөгө аракет жасаган. Кийинки пункттарда белгиленчү айрым өксүктөрдү эске албаганда илимий методологиялык компоненттердин арасында олуттуу ажырым байкалбайт. Изилдөөдө темага тиешелүү көп кырдуу булактардын анын ичинде фольклордук, этнографиялык, көркөм адабий чыгармалардын сюжеттеринин, элдик маданияттын ташуучуларынын эскерүүлөрүнүн өз ара биримдикте талдоого алынышы алынган эмпирикалык натыйжалардын обьективдүүлүгүн арттырууга өбөлгө болгон.

Изилдөөнүн **максаты:** салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун социалдык, маданий өбөлгөлөрүн, жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын, методдорун жана алардын азыркы коомдук педагогикалык практикадагы ордун ачып көрсөтүү .

**Изилдөөнүн объектин** – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбалары, **предметин** – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө карата тарбиялоонун тажрыйбалары жана аларды азыркы учурда пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө маселелери түзөт.

**2. Изилдөөчү диссертациясында илим жана практика үчүн актуалдуу төмөнкүдөй натыйжаларды жарата алган.**

**Биринчи натыйжанын** алкагында диссертациянын 1-главасынын 10-34 беттеринде «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү» сыяктуу түйүндүү категорияларга терминологиялык анализ берилип автордук ачыктамалар, аныктамалар берилген. Илимде кабыл алынган эреже салттарга ылайык бул түшүнүктөрдүн этнопедагогикалык өнүгтөгү өнүгүшүнүн эволюциясы, хронологиясына таянуу менен аларды аларды өз изилдөөсүнүн контекстинде тактоого аракет жасаган. Эң башкысы салттуу кыргыз үй бүлөсүнүн структурасы жашоо механизмдери этнографиялык эмгектер (С.М. Абрамзон, Н.Х. Калеми), адабий чыгармалар (Ч. Айтматов «Ак кеме») жана турмуштук мисалдар аркылуу конкреттештирилген.

Изилдөөнүн **экинчи натыйжасынын алкагында** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздерин, илимий методдорун аныктоо, балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо маселесинин тарыхый -этнопедагогикалык эволюциясы ачылып көрсөтүлгөн . Буга байланыштуу кыргыздардын салтуу педагогикалык түшүнүгүндө үй-бүлөдө балдарды жаш өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо процесси тарыхтын ар кандай баскычтарында шартка жана социалдык чөйрөгө байланыштуу тынымсыз өзгөрүп, өнүгүп туруучу динамикалык кубулуш катары каралган. Буга байланыштуу балдарды үй бүлөдө тарбиялоодо эң биринчи кезекте алардын жаш өзгөчөлүгү, инсан катары калыптануу процесси эске алынган, ошон үчүн балдарды жана кыздарды курагына жараша ар кандайча атап, алардын ар бир курагына жараша педагогикалык мамиле кылууну элдик этикалык эреже-нормалар катары кабыл алган деген автордук корутундуга толук кошулууга болот.

Изилдөөнүн **үчүнчү натыйжасынын** алкагында же элдик педагогикалык маданияттагы балдарды үй-бүлөдө алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун факторлорун, принциптерин, каражаттарын, методдорун айкындалган. Муну белгилүү өлчөмдө салттык педагогикадагы балдарды курактык өзгөчөлүктөргө ылайык өнүктүрүү, тарбиялоонун тарыхый ретроспективалык модели катары кароого болот.

Изилдөөнүн **төртүнчү натыйжасынын** алкагында азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үйбүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугунун тенденциялары айкындалган. Диссертациянын үчүнчү главасында (138-164 б.б.) чагылдырылган аналитикалык материалдар, корутундулар автор тарабынан олуттуу таанымдык мааниге ээ изилдөө жүргүзүлгөндүгүн тастыктап турат.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация

илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**1-натыйжа.** Изилдөөнүн түйүндүү категорияларын жана алардын мазмунун, функцияларын, алардын азыркы маанисин айкындоо дисциплиналар аралык көп кырдуу илимдердин жетишкендиктерин анализдөө жана синтездөө амалдары аркылуу камсыз кылынган.

**2-натыйжа.** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздерин, илимий методдорун аныктоо, балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо маселесин тарыхый -этнопедагогикалык эволюциясын көрсөтүү тарыхый этнопедагогиканын методологиялык жоболорун жетекчиликке алуу аркылуу аткарылган.

**3- натыйжа.** Элдик педагогикалык маданиятта балдарды үй-бүлөдө алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун факторлорун, принциптерин, каражаттарын, методдорун айкындоо көптөгөн типтуу кубулуштарды салыштырып, типтештирип талдоо жана корутундулоо аркылуу айкындалган.

**4- натыйжа**. Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үйбүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугу тууралуу ой корутундулар азыркы коомдук педагогикалык процесстеги, улуттук маданияттын трансформациясындагы оош кыйыштарды талдоонун негизинде таризделген.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

1- **натыйжа.** *Салыштырмалуу жаңы.* Изилдөөнүн түйүндүү категориялары жана алардын мазмуну, функциялары тууралуу мурунку изилдөөлөрдөгү аргументтер жана аныктамалар автордук ой корутундулар менен толукталып такталган.

2- **натыйжа.** *Жаңы.* Биз тандаган методологиялык таянычтарга ылайык салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо боюнча билим жана тажрыйбалар этномаданий чөйрөдөгү педагогиалык маданияттын кубулушу катары өз алдынча таанымдык жана функционалдык мааниге ээ болуп

бүгүнкү классикалык психологиялык, педагогикалык көз караштарды локалдык чөйрөдө толуктап турары ынанымдуу далилденген.

3- **натыйжа.** *Жаңы.* Элдик педагогикалык маданиятта балдарды үй-бүлөдө алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун факторлору, принциптери, методдору, каражаттары алгач ирет атайын ыраатуу изилденген.

4- **натыйжа.** *Жаңы,* Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үйбүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугу тууралуу маалыматтар илимий таанымдык жактан жаңы табылгалар болуп эсептелет. (3.1., 3.2.)

5. **Изилдөөбүздүн практикалык мааниси**. Изилдөөнүн тажрыйбасы кыргыз этнопедагогикасындагы ар бир куракта тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу конкреттүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол ачышы мүмкүн. Изилдөөнүн материалдары үй бүлө жана мектепте балдардын этномаданий иденттүүлүгүн өүктүрүү программаларын иштеп чыгуу; ЖОЖдордо “Педагогиканын тарыхы”, “Педагогика”, “Этнопедагогика” “Этнопсихология”, “Курактык психология” дисциплиналарынын жана атайын курстардын окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүү; мугалим тарбиячылардын этнопсихологиялык жана этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү чөйрөлөрүндө колдонулушу мүмкүн.

6. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Эргешова Кундуз Абдылаковнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар кыргыз этнопедагогика илиминде өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт.

7. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн негизги жоболору КР Президентине караштуу ЖАК талап кылган жалпы 12 макалада чагылдырылган. Изилдөөнүн багыты боюнча эки макала Россиядан РИНЦ системасында чыгарылган, 10 макала жергиликтүү басылмалардан жарык көргөн.

8. **Автореферattын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине дал келет. Бирок, автореферattагы айырм илимий жоболор ын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине идентүү.

9. **Диссертация жана автореферattын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштүктөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот:**

1. Диссертация жана автореферattын коргоого коюлган жоболор жана корутунду бөлүмүндө үчүнчү натыйжа өз алдынча ачыкталган. Аны тастыктоочу аналитикалык материалдар диссертация жана авторефератта да жетиштүү. Бирок, изилдөөнүн илимий жаңылыктар бөлүмүндө өз алдынча пункт катары тариздөлбей калган. Ошондой эле изилдөөнүн практикалык мааниси кириш бөлүмүндө жана резюмеде айрымалуу берилип калган. Алар жаңыдан бириктирилип синтезделсе жакшы болмок.
2. Автореферattын 12–бетинде Кыргыз тилиндеги *«там-туң баскан», «күлүп калган», «тиши чыккан», «тили чыккан», «жүгүрүп жүргөн», «кишини ээрчип калган», «жаны жай албаган»,«өзүн өзү эптеп калган», «эргенчи», «кол арага жарап калган», «токтолгон»* бала сыяктуу мүнөздөмөлөр балдардын куракtык жактан эмгек аркылуу элге аралашып социалдашуусунун өзгөчөлүктөрүндөгү өзгөрүүлөрдүн сыпаттамасы катары берилген. Бул өзгөчөлүктөрдүн социалдык-психологиялык мүнөздөмөлөрү диссертация жана авторефератта кененирээк ачыкталса изилдөөнүн таанымдык баалуулугу артмак. Арийне, буларга байланыштуу ачыктамалар диссертацияда бар, бирок жетишсиз.

3. Балдардын жаш курагына ылайык тарбиялоо, социалдаштыр практикасындагы жыныстык сегрециялык факторго өзгөчө маани бер зарылдыгы бар. Бул факторду балдарды курактар боюнча тарбиялоону мазмунун өнүгүшүндө өзгөчө белгилөөнү сунуштаар элек.

Бирок аталган кемчиликтер анын теориялык жана практикалы натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Эргешова Кунд Абдылаковнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагы жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» деген аталыштагы кандидатты диссертациясын оз алдынча аткарылган изилдоо катары кароого болот.

10. Изденүүчү Эргешова Кундуз Абдылаковнанын «Салттуу кыргыз ү бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» деге темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнү тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидат окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясыны диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эм изденүүчү Эргешова Кундуз Абдылаковна 13.00.01 – жалпы педагогик педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагоги илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөө болот.

**Расмий оппонент:**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**профессору, педагогика илиминин**
**доктору** **А. Алимбеков**

*А.Алимбековдун койгон кол белгисин тастыктайм.*
*Кадрлар бөлүмүнүн инспектору*

Жаксатбекова С.